DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



*Сооронбаева Н.А.*

# АДЕП-АХЛАКТЫК ТАРБИЯЛООНУН МААНИСИ

*Сооронбаева Н.А.*

# ЗНАЧЕНИЕ ДУХОВНО-НРАВСТВЕННОГО ВОСПИТАНИЯ

*N.A. Sooronbaeva*

# THE VALUE OF SPIRITUAL AND MORAL EDUCASION

*УДК: 53.06*

*Азыркы коомдо жүрүп жаткан терең социалдык-экономикалык өзгөрүүлөр, келечек, жаштар жөнүндө ойлонууга мажбур кылат. Жаштардын адептик чек белгилеринин бурмаланышы алардын руханий жактан жардыланышына, ишенбөөчүлүккө жана агрессияга алып келүүдө. Ошондуктан, адеп-ахлактык тарбиялоо маселеси актуалдуу болуп эсептелет. Илимий-техникалык прогресстин негизи катары, физика предмети окутуунун негизги максаты болуп эсептелген илимий билимдердин гуманисттик негизин көрсөтөт, алардын адептик баалуулуктарын белгилейт, окуучулардын дүйнөгө болгон көз-карашын, чыгармачылык жөндөмдүүлүгүн калыптандырат, адептүү инсанды тарбиялоого жардам берет. Адеп-ахлактык билим берүүнүн максаты, адамдын ар тараптуу өнүгүү шартында адеп-ахлактык өнүгүүсүнө алып келүүсү керек. Башкача айтканда, адеп-ахлактык тазалыкты сактаган, өзүнүн милдеттерин түшүнгөн жана кабыл ала алган, жашоону жана өзүнүн иш-аракеттерин, жүрүм-турумун туура баалай ала турган таза адамды тарбиялоо.Үй-бүлөнүн салттуу аброюн калыбына келтирүү, улуттук маданиятты өнүктүрүү, улуттук акыл-эс, улуттук сыймык жана улуттук ар-намыс сезимин тарбиялоо. Патриоттук жана өзүн-өзү баалоо сезимин калыптандыруу, татыктуу жаранды тарбиялоо.*

***Негизги сөздөр**: адеп-ахлак, инсандык баалуулуктар, концептуалдык баалуулуктар, аң-сезимдүү мамиле, тарбия берүү, патриоттуулук, адептүүлүк.*

*Глубокие социально-экономические преобразования, происходящие в современном обществе, заставляют нас размышлять о будущем, о молодежи. От искажения нравственных ориентиров, подрастающее поколение становятся бездуховным, агрессивным, без веры. Поэтому проблема духовно-нравственного воспитания является актуальной. Являясь основой научно-технического прогресса, физика показывает гуманистическую сущность научных знаний, подчёркивает их нравственную ценность, формирует творческие способности учащихся, их мировоззрение, способствует воспитанию высоконравственной личности, что является основной целью обучения. Целью же нравственного воспитания должно быть нравственное развитие человека в контексте его всестороннего развития. Воспитание цельной, целомудренной личности, понимающей и принимающей свои обязанности, способной к правильному оцениванию жизни и себя, своих поступков, поведения. Восстановление традиционного образа семьи, освоение национальной культуры и воспитание чувства национального самосознания, национальной гордости, национального достоинства. Воспитание достойного гражданина, формирование патриотического сознания и самосознания.*

***Ключевые слова:** нравственность, личностные ценности, концептуальные ценности, интеллектуальный подход, воспитание, патриотизм, порядочность.*

*The deep socio-economic transformations taking place in modern society make us think about the future, about the youth. From the distortion of moral guidelines, the younger generation becomes spiritless, aggressive, without faith. Therefore, the problem of spiritual and moral education is relevant.Being the basis of scientific and technical progress, physics shows the humanistic essence of scientific knowledge, emphasizes their moral value, forms the creative abilities of students, their worldview, and contributes to the education of highly moral personality, which is the main purpose of education. The purpose of moral education should be the moral development of a person in the context of his all-round development. Educating a whole, chaste person who understands and accepts his responsibilities, capable of properly evaluating life and himself, his actions, behavior. Restoration of the traditional image of the family, mastering the national culture and nurturing a sense of national identity, national pride, national dignity. Raising a decent citizen, the formation of a patriotic consciousness and self-consciousness.*

***Key words:** morality, personal values, conceptual values, intellectual approach, education, patriotism, decency.*

Адеп-ахлактык тарбия коомдун эң негизги жана талашсыз максаты болуп эсептелет. Баланын жашоосунун баалуулуктарынын калыптануусунда билим берүү мекемеси, албетте педагогдор негизги ролду ээлешет. Адеп-ахлактык тарбия баланын ар тараптуу өсүүсүндө адеп-ахлактык өнүгүүсүнө алып келүүсү керек. Башкача айтканда традициялуу моралдык нормалардын жана адептүүлүк идеяларынын негизинде өзүнө, башкаларга, мамлекетке, коомго карата аң-сезимдүү мамиле кылуусу жана баалоосу керек [1].

Төмөнкүдөй маселелерди коелу: баланын атуулдук жана укуктук билиминин, маданияттуулугунун, демилгелүүлүгүнүн, өз алдынчалуулугунун жана толеранттуулугунун калыптанышы. Физиканы окутуу процессинде мугалим окуучуну ал үчүн манилүү болгон баалуулуктарга багыттоо керек.

Жалпы баалуулуктар: адам, жашоо, жаратылыш, коом, чындык, кең пейилдик, сулуулук, эмгек,

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



таануу, баарлашуу, оюн, эркиндик, бакыт, уят, теңдик, чындык, достук, жоопкерчилик ж.б.

Концептуалдык баалуулуктар: адамдын курчап турган чөйрөдөгү орду, адам менен жаратылыштын байланыш диалектиси, өзүн жаратылыштын негизги бөлүгү экендигин таануу процесси.

Личносттук баалуулуктар: көз-караштын курчтугу-тайманбастыгы, тартиптүүлүк, эрк, чыдамкайлык, шайырлык, чынчылдык, жоопкерчиликтүүлүк ж.б. [5].

Личносттун концептуалдык баалуулуктардын калыптанышын окутуунун мазмуну аркылуу өткөрүү керек. Физика илимий билимдердин маңызын жана адептүүлүк баалуулугун көрсөтөт, окуучулардын чыгармачылык жөндөмдүүлүгүн калыптандырат жана жогорку адептүү личностту тарбиялоону жөнгө салат. Физиканын негиздерин үйрөнүү менен окуучулар илим, илимий билим, ой-жүгүртүү жана ишкердик сыяктуу маданияттын компоненттерине ээ болот [3].

Сабак учурунда көрүнүктүү физик – окумуштуулардын жана физи-инженерлердин чыгармачылыктарынын мисалында жашоонун баалуулуктарын жана адамдын ишмердүүлүгүнүн башка областтар менен байланышын, физиканын илим катары баалуу аспектилерин ачууга болот. Шарль Огюстен Кулондун, Майкл Фарадейдин, Генрих Герцтин, Петр Лебедевдин тажрыйбаларын окуп-үйрөнүүдө алардын илимий маанилүүлүгүнө көңүл буруу менен алардын өз алдынча сулуулугуна да токтолуу керек [4].

Ири техникалык түзүүлөрдү тааныштырууда окумуштуунун жана инженердин биригип иштөөсүнүн жемиштүүлүгү ачылат. Мисалы, космостук учууларда, космостук ракетанын курулушунда К.Э.Циолковскийдин эмгектеринин негизинде С.П.Королевдун ракетаны курууну иш жүзүнө ашыргандыгын айтууга болот.

Ошондой эле жаратылыштагы экологиялык кризистердин мисалында экологиялык суроолорго кайрылууга болот. Мунун баары техниканы иштетүүдө аны пайдалануу шарттарынын бузулушунда, адам баласы үчүн кандай зыяндуулуктарга алып келээрин окуучуларга түшүндүрүүгө мүмкүндүк берет. Конкреттүү мисалдар менен физика илим катарында экологиялык проблемаларды чечүүдө эффективдүү иштерди жүргүзө аларлыгын көрсөтүү керек. Экологиялык проблемаларды чечүү өсүп келе жаткан муундарга экологиялык билим жана тарбияны туура берүүдөн көз каранды. Адамдын чарбалык ишмердүүлүгүндө жаратылышка келтирилген зыяндуулуктардын илимий-техникалык прогресс өсүп жаткан шарттарда жаштарда илимий көз-караштарды калыптандыруу, илимий негизделген жолдорду көрсөтүү айрыкча физика сабагында зарыл. Атом энергиясын тынчтык жана согуш максатында колдонуу, атмосферанын булганышын жана экологиялык проблемаларды чечүү маселелери гумандуу, тынчтык үчүн күрөшкөн атуулду тарбиялоого жардам берет [4].

Окумуштуулардын өмүр баяндары жөнүндөгү материалдарды үйрөтүүдө окуучулар алардын чыгармачылык ишмердүүлүгүн анализдешет, алардын илимий иштеринин алгоритми менен таанышышат, илимий билимдер жана илим жөнүндө өздөрүнүн ой-толгоосу пайда болот.

Физиканын тарыхы да мисалдарга бай. Искусстводогу чыгармалардын таасиринен окумуштуулардын чыгармачылык процессинде алардын сезимдери ойгонгон. Искусство фантазияны ойготуп, адамдын элестетүүсүн азыктандырат. Ар тараптуу жана келишимдүү жаратылыштагы гармония эстетикалык жактан өнүккөн адамга түшүнүктүүрөөк болот. Мисалы, кристаллдардын өсүшүн байыркы адамдар сыйкырга байланыштырышкан. Кристаллдар эритмелерден, аралашмалардан, буулардан жана катуу породалардан өсөт.Алардын туура симметриялык формасы жана алардын физикалык касиеттери анын ички структурасынын симметриялуулугу менен шартталат. Симметрия бир гана кристаллдар дүйнөсүндө болбостон, жаратылышта көпөлөктөрдүн, коңуздардын, гүлдөрдүн формаларында да кездешет. Симметрия искусстводо (живописте, музыкада, архитектурада), илимде жана техникада чоң мааниге ээ [3].

Физика сабагынын практикалык багытталышы окуучуларда алган билимдерин, ык-машыгууларын күнүмдүк жашоосунда: жашоодо, айлана-чөйрөнү, экологияны, ден соолукту коргоодо, техникалык коопсуздукту сактоодо пайдалануусун калыптандырат.

Сабактын тарбиялык функциясын күчөтүү максатында тарбиялык иштердин ар түрдүү формаларын жана усулдарынан пайдалануу керек. Төмөнкүдөй иш-чараларды уюштуруу өз жемишин берет деп ойлоймун:

Окуучуларга улуу окумуштуу-физиктер жөнүндө материалдарды даярдоого тапшырма берүү [4].

Кыскача өмүр баяны, атуулдук позициясы, Ата мекен алдындагы эмгеги, тарыхый тажрыйбалары, башка окумуштуулардын берген баасы ж.б. жөнүндө материалдарды даярдоо. Бул күчтүү механизм окуучуларда патриоттуулук сезимди ойготот. Даярдалган материалдар кыскача жана таасирлүү болуш керек. Мисалы, М.В. Ломоносов өзүнүн жаратылыштан берилген таланты, эмгекти сүйүүсү, максатка умтулгандыгы менен илимдин көрүнүктүү адамы боло алды, ошону менен бирге ал ырларды, одаларды жазды. Даярдалган материал өтүлүүчү темага логикалык жактан дал келүүсү зарыл. Өз өлкөсүнүн физика жана

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



техника областындагы жетишкендиктери менен таанышуу окуучуларда Ата мекени үчүн сыймыктануу сезимин калыптандырат [3].

Окумуштуулардын өмүр баяны менен байланышкан көнүгүүлөрдү түзүү жана чыгаруу.

1. Көрүнүктүү физик-окумуштуунун аты менен байланышкан түзүлүштүн, прибордун моделин жасоо.

2. Ата мекенибиздин физиктерине арналган стенддерди чыгаруу. Иштин жүрүшүндө окуучулар окумуштуулардын жасаган улуу иштерин, аракеттерин көрүп, патриоттук сезими ойгонот.

3. Край таануучу музейлерге жана башка маданий мекемелерге экскурсия жасоо.

4. Улуу адамдардын айткан сөздөрүнөн, цитаталарынан сабак мезгилинде айтуу ж.б. Ал сөздөр балдардын аң-сезимине кирип, эсинде көпкө сакталат.

Адеп-ахлактык тарбиянын эң негизги принциптеринин бири болуп – адамды окутуу, тарбиялоо жана өнүктүрүү процесстеринин анын бүткүл жашоосунда биргеликте, үзгүлтүксүз жүргүзүлүшү эсептелет. Ар бир окуучу адамдагы эң жакшы сапаттарды – адептүүлүктү, адилеттүүлүктү, эмгекти сүйүүчүлүктү, чыгармачылыкты, патриоттуулукту тандап алса [5].

Жыйынтыктап айтканда, физиканы окутуу процессинде мугалим окуучуларды өзүнүн Атамекенин сүйүүгө, илимдин жана техниканын өсүшүнө болгон сыймыктануу, ошондой эле өзүнүн акылы жана эмгеги менен Атамекенибизге даңк, атактуулук алып келгендерге урматтоо, сыйлоо тарбиясын берүүгө чоң мүмкүнчүлүгү бар.

**Адабияттар:**


1. Апыш Б. Тарбия жараяны. - Б., 2008. - 440 б.
2. Усова А.В. Теория и практика развивающего обучения. - Челябинск, ЧГПУ, 2004. - 128 с
3. Мамбетакунов Э. Физиканы окутуу теориясы жана практикасы / Кыргыз Республикасынын Билим берүү мжана илим министрлиги, Ж.Баласагын атындагы КУУ, НМУ. - Б.: «МОК» басма борбору, 2004. - 490 б
4. Тихомирова С.А Дидактические материалы по физике [Текст] / С.А. Тихомирова - М.: Школьная Пресса, 2003.
5. Ушинский К.Д. Собрание сочинений. [Текст]: в 2-х т./ К.Д. Ушинский. - М.: 1985, т.2.


**Рецензент: к.пед.н., доцент Абдулахамидова Б.Н.**